# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

КОПИЯ ВЕРНА
Ученый секретарь

Эшенаалы Арабаевдин
130 жылдык
юбилейине арналат



Посвящается 130-летию
Эшенаалы Арабаева

# ВЕСТНИК

## КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА им. И. АРАБАЕВА

ISBN 1654-5611

42. *Нурлыбаева Н.М.* Оқулық мәтіндеріндегі бастауыштың шартты белгі-кодтар
43. бойынша анықталған статистикасы........................................................................ 138
44. *Онолбаев М.Б.* Задачный подход к формированию математических компетенций будущих учителей начальных классов ........................................................................ 141
45. *Онолбаев М.Б.* Педагогические условия развития познавательного интереса
46. к изучению математики будущими учителями начальных классов.......................... 144
47. *Ортаева А.С.* Білім беру барысында тұлғаның жалпы қасиеттерін дамыту
48. мәселелері ........................................................................ 146
49. *Орунбаева А.* Социальный портрет современной молодежи, ее
50. характеристики и влияние на выбор профессии........................................ 149
51. *Озубекова Р.А., Мырзалиева А.Б.* Case study - как активный метод обучения............ 151
52. *Рысбаев С.* Кыргыз Республикасындагы тил саясаты жана мамлекеттик тилди үйрөтүүнүн жаңы модели тууралуу........................................................................ 153
53. *Сакимбаева С.Д.* Психолого-педагогические аспекты здорового образа жизни........................................................................ 156
54. *Сартбекова Н.К.* Коммуникативтүүлүк жана маданият аралык компетенттүүлүктүн өсүшү – келечектеги профессионалдык адистерге ийгиликтүү карьераларды түзүү шарты........................................................................ 157
55. *Сейталиева Э.С.* Математиканы окутууда өз алдынча иштердин ролу.......................... 160
56. *Сулайманова Ж.Н.* Использование традиционного народного искусства в учебно-воспитательном процессе при подготовке будущих учителей «Технологического образования»........................................................................ 163
57. *Сулайманова Р.Т., Байтокова А.С.* Ж.Баласагын атындагы КУУнун Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту – болочок мугалимдерди даярдоонун жаңыча багыты........................................................................ 165
58. *Сулайманова Р.Т.* Билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин окуучуларга
59. билим – тарбия берүүдөгү орду........................................................................ 168
60. *Солпубашева А.Ы., Мурзаибраимова Б.Б., Кермалиева А.* Билим берүү мазмунун оптималдаштыруу максатында физиканы окутууда мультимедиялык каражаттардын ролу........................................................................ 169
61. *Тапалов Д.* Жаңа тәсілдермен тарихты оқытудың кейбір заманауи жолдары........................................................................ 173
62. *Термечикова А.* Педагогикалык адистиктердин адистик компетенттүүлүгүн жогорулатуудагы заманбап талаптары........................................................................ 175
63. *Каримова Б.А. Убукеева А.Т.* Жаш муундарга билим берүүдө жана тарбиялоодо элдик педагогиканы кеңири колдонуу........................................................................ 177
64. *Юсупова М.С.* Влияние табакакурения на студенческую молодежь Кыргызстана......... 180

65. *Джумабекова Ш.Д.* Вопросы формирования здорового образа жизни у молодежи...... 181

**СЕКЦИЯ 3**

***Мектепке чейинки билим берүү: бүгүн жана эртең***
***Дошкольное образование: сегодня и завтра***

1. *Айнекенова А.* Экологическое воспитание и образование в вольдорфской педагогике........................................................................ 184
2. *Бакиева Н.А.* Некоторые аспекты взаимодействия дошкольного учреждения
3. и родителей в современных условиях........................................................................ 186
4. *Атемова К.Т.* Мектепке дейінгі жастағы балаларды тәрбиелеудің бүгінгі күнгі ерекшеліктері........................................................................ 190
5. *Бельгибаева Г.К., Букетова Е.А., Абильдина С.К., Букетова Е.А., Смагулова С.А.* Работа воспитателя по формированию начал гражданственности у детей старшего дошкольного возраста........................................................................ 193
6. *Джумагулова С.Б.* Текущие тенденции и стратегия развития дошкольного образования в Кыргызстане........................................................................ 194

Развитие творческих способностей должно проходить параллельно и одновременно с приобретением теоретических знаний, формированием практических умений и навыков, наработкой методического материала. Это и является подготовка будущих учителей к самостоятельной профессиональной деятельности.

Василий Александрович Сухомлинский писал, чтобы открыть в каждом человеке творца, поставить его на путь самобытно-творческого, интеллектуально полнокровного труда необходимо «распознать, выявить, раскрыть, взлелеять, выпестовать в каждом ученике его неповторимо-индивидуальный талант – значит поднять личность на уровень расцвета человеческого достоинства». [6 ]

*Литература:*

1. Скотникова Г.В. О формах фольклора в современной художественной культуре. Методология и методы исследования культуры: Сб. научных трудов. – Ленинград: 1984. –с.159.;

2. Дистерверг А. Избранные сочинения. – М., 1956. – 237 с.;

3. Педагогика: учебное пособие для студентов педагогических учебных заведений. / В.А. Сластенин, И.Ф. Исаев, А.И. Мищенко. – М.: Школа – пресс, 1997. -512с., с.12.;

4. Народная педагогика – основа воспитания подрастающего поколения. /Под ред. К.Ш.Ахиярова и др. – Уфа, 1992.-48 с.;

5. Рахимова М.Р. и др. история образования и педагогической мысли / М.Р.Рахимова, Т.В. Панкова, А.Т. Калдыбаева. – Б.: 2002. -316 с.

6. Сухомлинский В.А. Избранные произведения. – Киев, 1980. -102с..

## Ж.Баласагын атындагы КУУнун Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту – болочок мугалимдерди даярдоонун жаңыча багыты

***Сулайманова Р.Т.,***
*п.и.к., доцент, Ж.Баласагын атындагы КУУнун*
*ПКМДИсинин директору,*
***БайтоковаА.С.,***
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун*
*ПКМДИнин окутуучусу*

**Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунун ачуунун зарылдыгы.** Коомдук жамилелер канчалык илимий-техникалык глобализацияга туш болгон сайын, анын негизги категориясын түзгөн адам баласы өзүнүн алдына койгон максаттарына жетүү үчүн түрдүү ыкмаларды жана жолдорду издей баштайт. Бирок, мындай ыкмаларды жана жолдорду издөөдө ар бир инсан биринчи орунга өзү тарбияланып өскөн ата-энесинин, бир туугандарынын ден соолугунун, иштеринин жакшы болушун каалап, андан кийинки орунга толук орто билим алган окуу жайын жана анда иштешкен мугалимдерин коёт. Азыркы мезгилде (өзгөчө акыркы 5-10 жылдан бери) шаар жана айыл жерлеринде орто билим берүүчү мектептеринде мугалимдердин сапаты жана саны жетиштүүбү? Жок! Турмуштук практика көрсөткөндөй сапаты жана саны жетишсиз. Мына ушундай чыныгы факторлорду эске алуу менен төмөндөгүдөй зарылчылыктар институттун ачылышына себепкер болду:

- республиканын орто мектептеринде мугалимдик адистердин кескин түрдө азайышы;
- Чүй обласынын калкынын санынын демографиялык жактан көбөйүшүнүн натыйжасында жалпы билим берүүчү орто мектептердин мугалимдеринин жетишсиздигинин келип чыгышы;
- жогорку окуу жайларында мугалимдик адистикти аяктагандардын көпчүлүгүнүн башка кесипке өтүп кетиши;
- жалпыга билим берүүчү орто мектептерде башка адистикти аяктаган же таптакыр кесиптик билими жок мугалимдик кадрлардын орун алышы;
- мугалимдердин жетишсиздигинен пенсиялык курактагы адистерди мектептерде кармоо;
- мугалимдерге 2 ставкадан ашык жумушчу окуу жүгүн берүү, мунун натыйжасында билимдин сапатсыздыгынын келип чыгышы ж.б.

**Институттун тузулуш тарыхы.** Чүй облусунун администрациясынын жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ортосунда 2009-жылдын 16-мартында түзүлгөн келишимдин негизинде жана «Кыргызстанда билим берүүнү реформалоо концепциясын» ишке ашыруу максатында Билим берүү жана илим министрлигинин макулдугу менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин курамында университеттин азыркы ректору, п.и.д., профессор И.Ч.Исамидиновдун демилгеси жана уюштуруусу менен Окумуштуулар кеңешинин 2009-жылдын 19-июнундагы чечими жана ректордун 2009-жылдын 20-июнундагы №220 буйругунун негизинде аталган институт түзүлгөн.

**Институтка берилген лицензия**. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институту жогорку жана орто кесиптик билим берүү программалары боюнча педагогикалык адистерди 12 багытта - кыргыз тили жана адабияты, социалдык педагогика, чет тили, математика, укук таануу, тарых, орус тили жана адабияты, биология, экономика, информатика, география, көркөм кол өнөрчүлүк, педагогика жана мектепке чейинки билим берүү, башталгыч

класстарды окутуу, дене тарбия адистиктерин даярдоо үчүн 2009-жылдын 14-июлунда Билим берүү жана илим министрлигинин Мамлекеттик аттестациялоо инспекциясы тарабынан берилген АЛ №521 лицензиясына ээ.

Лицензия боюнча институтта окутууну күндүзгү, кечки, сырттан окуу формалары боюнча жүргүзүү мүмкүнчүлүгү бар.

Институт өз алдынча юридикалык статуска ээ.

**Институттун педагогикалык адистерди даярдоодогу максаты**. Бүгүнкү күнү институт педагогикалык адистикке ынтызар бардык каалоочу улан-кыздарды мугалимдик кесипке максаттуу даярдайт. Алдына коюлган максаттуу педагогикалык программаларды аткарууда төмөндөгүдөй принциптерди иш жүзүнө ашырат:

- азыркы күндөгү экономикалык жактан оор шартта билим алууга мүмкүнчүлүгү чектелген, таланттуу жана педагогикалык адистикке ынтызар улан-кыздарды айыл өкмөттөрүнүн эсебинен каржылоо аркылуу кесиптик жактан даярдоону иш жүзүнө ашыруу;
- билим берүүдө окуу жай, мектеп, ата-эне жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын ортосунда адисти даярдоо боюнча кызматташууну ишке ашыруу;
- жогорку жана орто кесиптик педагогикалык окуу жай менен мектептин, теория менен практиканын ортосундагы байланышты чыңдоо, адистерди өз жерлерине практикага жиберүү менен алардын кийинки жумушчу ордун бекемдөө:
- педагогикалык практикага басым жасоо;
- институттун базасында жогорку жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу менен үзгүлтүксүз, ыраттуу педагогикалык билим берүү;
- мугалимдердин кадыр-баркын жогорулатуу жана максаттуу даярдалган сапаттуу педагогикалык кадрлар менен элет жерлерин камсыздоо.

**Педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо институтунунтөзгөчөлүктөрү:**

- жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жолдомосу менен келген студенттерди үч тараптуу (окуу жай, айыл өкмөтү, ата-эне) келишимдин негизинде орто мектептерге тездетилген интенсивдүү педагогикалык технологиянын негизинде мугалим-адис катары максаттуу даярдоо;
- түрдүү адистиктеги педагогикалык кызматкерлерди даярдоодо жергиликтүү айыл өкмөттөрү менен келишимдик негизде кызматташуу;
- жогорку педагогикалык адистикке ээ болгон жалпы орто мектептердин, атайын (лицей, колледж, гимназия) жана жогорку окуу жайларынын мугалимдерин даярдоо;
- орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билимдин айкалышынын негизинде жогорку деңгээлге жеткен үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүү;
- педагог адистерди даярдоодогу үзгүлтүксүздүк, муундан муунга өтүүчүлүк, мурастуулук, ыраттуулук сыяктуу дидактикалык принциптеринин сакталышы;
- педагогикалык практиканын Бишкек шаарынын, аймактардын айыл мектептеринде, атайын кызматташуу жүргүзүлүп жаткан Чүй облусунун мектептеринде өткөрүлүшү ж.б.

**Окууну уюштуруу жана кесипке даярдоо**. Институттун окуу-педагогикалык комплексинде университеттин жалпы Окумуштуулар кеңешинин 2011-жылдын 29-сентябрындагы №1/1 токтомунун, 2011-жылдын 5-октябрында ректор тарабынан «Ж.Баласагын атындагы КУУнун кээ бир институттарынын уюштуруучулук түзүлүштөрүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» кабыл алынган буйругунун (№335 29.1Х.2011-ж.) негизинде эки факультет - табыгый-экономикалык багыттагы мугалимдерди максаттуу даярдоо факультети; - гуманитардык-педагогикалык багыттагы мугалимдерди максаттуу даярдоо факультети жана орто педагогикалык билим берүү бөлүмү түзүлгөн. Ал эми орто педагогикалык билим берүү бөлүмүн жети циклдик комиссиядан турат:

- табыгый-математикалык дисциплиналардын циклдик комиссиясы;
- жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналардын циклдик комиссиясы;
- чет тилдеринин циклдик комиссиясы;
- мамлекеттик жана расмий тилдеринин циклдик комиссиясы;
- дене тарбия циклдик комиссиясы;
- психология жана педагогика дисциплиналарынын циклдик комиссиясы;
- жалпы билим берүү дисциплиналардын циклдик комиссиясы.

**Институттун студенттеринин контингенти.** 2009-жылы институтка алгачкы 808 абитуриент кабыл алынган. 2011-жылдын ноябрь айындагы маалыматтар боюнча институтта окушкан 1837 студенттин контингенти төмөндөгүдөй эки топко бөлүнөт:

- жогорку кесиптик билим берүү бөлүмүндө 906 студент;
- орто кесиптик билим берүү бөлүмүндө 931 студент.

Аймактык территориалдык жагынан күндүзгү жогорку кесиптик билим берүү бөлүмүндө Бишкек шаарынан 26, Чүй өрөөнүнөн 46, Ысык-Көл курорттук эс алуу аймагынан 32, Нарын облусунан 36, Талас өрөөнүнөн 37. Баткен аймагынан 23, Жалал-Абад өрөөнүнөн 42, Ош облусунан 14, коңшулуш Казак Республикасынан 5 студент окушса, сырттан окуу бөлүмүндө окушкан 645 студент төмөндөгүдөй административдик-территориалдык топторго бөлүнүшөт: Бишкек шаары – 101, Чүй өрөөнү – 191, Ысык-Көл – 49, Нарын – 116, Талас – 60, Баткен – 59, Жалал-Абад – 33, Ош – 32.

# Билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин окуучуларга билим- тарбия берүүдөгү орду

***Сулайманова Р.Т.,***
*п.и.к., доцент, Ж.Баласагын атындагы*
*КУУнун ПКМДИсинин директору,*
***Байтокова А.С.,***
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун*
*ПКМДИнин окутуучусу*

Окуу жайдын жетекчилеринин окуу тарбия ишин жетектөөдө так жана туура чечимдерди кабыл алуусу – педагогикалык системанын кыймылынын натыйжалуу өрчүшүнө алып келет. Билим берүү мекемелеринин жетекчилеринин башкаруучулук аракетинин натыйжалуулугу көбүнчө окуу жайдын административдик аппаратындагы укуктарды жана милдеттерди бөлүштүрүүнүн тактыгына жана максаттуулугуна жараша болот.

Андыктан жетекчи тарбиялоо процессинин натыйжалуу болушу үчүн кандай иштерди алдыңкы орунга коёт деген маселе турат. Окуу жайдын жетекчилери тарбиялоо иштеринин максатын жана маселелерин аныктап, азыркы шартга тарбиялоонун мазмунун, методдорун, иштеп чыгышы, тарбиялоо теориясы менен акыркы илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын байланыштырышы, тарбиялоонун практикасына алдыңкы педагогикалык тажрыйбанын негиздерин жана тарбиялоонун инновациялык формаларын киргизүүлөрү менен тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун арттырышат. Жетекчи жогоруда аталгандардан сырткары тарбиялоо процессинде жетишкендиктерди жана кемчиликтерди анализдей билүүсү зарыл. Окуу жайдын ичинде ынтымак, иштиктүү процесстерди, мугалим менен окуучулардын бирдиктүү жамаатчылыгын уюштуруп, окуу тарбия иштеринде чоң – чоң ийгиликтерге жетишкен жетекчилерибиздин саны да аз эмес. Алардын тажрыйбаларын терең иликтеп үйрөнүп, жалпылап тыянак чыгаруу зарылдыгы көптөгөн окуу жайлардын алдыга койгон максаттарынын бири болуп саналат.

Азыркы учурда Кыргыз мамлекетинде да баланы тарбиялоо,татыктуу билим берүү учурдагы эң курч актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Тарбия коомдук курулуш болгондуктан, коомдун өнүгүү мүнөзүнө жараша балдарды үй - бүлөдөн эмгекке тартып үйрөтүп тарбиялоого, бул биринчиден ата эненин, экинчиден мектептин милдети. Келечекте коом үчүн пайдасы тие турган толук кандуу инсанды тарбиялоодо мектептин, коомчулуктун, элге билим берүү кызматкерлери менен бирдикте иш алып баруусу маанилүү ролду ойнойт. Мамлекеттин үй - бүлө, окуучулар, студенттер үчүн көргөн камкордуктары, коом тарабынан туура уюштурулган иш - аракеттер, бекем тарбиянын ийгилигине алып келерине шарт түзөт.

Бүгүнкү күндө ушундай иш – аракеттердин бири билим берүү мекемелеринин жетекчилерине да таандык. Алсак, атуулдук, патриоттук, экологиялык,адеп-ахлактык , эмгекти сүйүүгө, достук жана боордоштукка тарбиялоо сыяктуу тарбиянын приоритеттери окуу жайларыбыздын тарбия иштери боюнча орун басарынын бөлмөсүндө көрсөтмө курал катары гана кызмат кылбастан, окуучуларды тарбиялоодо жетекчилер тарабынан ийкемдүү жолго коюлуусу зарыл.

Жаш муундарыбызга туура тарбиянын берилиши, келечектеги коомду куруучу жаштарыбыздын ыймандуулугу жогору болсо күчтүү малекеттин түзүлүшүнө сөсүз өз салымын кошот. Азыркы учурда окуу жайларда буйрук эмес, кызматташтыктын педагогикасы, мугалим менен окуучунун, үй - бүлө менен окуу жайдын өз ара байланышын жагымдуу мамилеси жаңы нукка салынууда. Бул иште жетекчилердин жана мугалимдердин ролу чоң. Балдар менен иштеген тажрыйбалуу мугалимдер бирде окутуу иши менен бирде оюн, көңүлдүү эс алуу, маданияттуу сүйлөө менен алардын психологиясына оң таасирин тийгизе алат. Тарбиялоо практикасында окуучулар менен жасалма эмес чыныгы практикалык мааниси бар иштерди биргелешип иштөө зарыл болуп жатат. Ушул максатта алар менен диспуттарды, ар түрдүү темаларда дискуссияларды, суроо жоопторду, саясий клубтардын иштерин, жолугушууларды, диалогдорду, конференцияларды, изденүү, изилдөөлөрдү жаңыча духта улантуубуз керек. Ошондо окуучулардын активдүүлүгү пайда болуп, интелекттери кеңейет.

Билим берүү мекемелеринде тарбиялык процессти уюштурууда, жүргүзүүдө, башкарууда, анын педагогикалык натыйжалуулугун камсыз кылууда тарбиялоонун максатын, мазмунун, методун жана формаларын туура тандап иш алып барууда жетекчилердин профессионалдуу кадамдары ары түйшүктүү, ары жоопкерчиликтүү.

Бүгүнкү күндө жаш жеткинчектерди, он жыл мурдагы жаш бөбөк азыркы учурдагы бүтүрүүчүгө татыктуу билим, тарбия берип уясынан учуруп чыгарууда, мамлекетибиздин өнүгүүсүнө салымын кошо турган, профессионалдуулугу жогору, кадрларды даярдоодо, билимин жогорулатууда, өз ишин жакшы билген, уюштуруучулук, методикалык, ж.б. проблемаларды өз ара айкалыштыра караган , келечекти көрө билген педагогдордун жана жетекчилердин орду өтө чоң жана өтө зарыл. Андыктан өлкөбүздө билим берүүгө багытталган өзгөрүүлөрдүн натыйжасында билим берүүдөгү менеджмент багытындагы кадрлар даярдалууда. Менджмент багытындагы кадрлар билим берүү мекемелерин башкаруу үчүн атайын даярдалгандыктан окуу жайлардын ишин башкарууда жана окуу-тарбия ишин жетектөөдө келечегибизден көптү үмүттөндүрөт.

Жетекчилер тарабынан окуу жайлардагы аткарылуучу иштердин бардыгы туура жолго коюлганда гана тарбиялоо процессиндеги жетекчинин алган орду таасирдүү экендигин көрө алабыз.

Тарбиялоону жана окутуунун дагы бир кыйла таасирдүү жагын белгилей кетсек: элдик педагогиканын негизинде окуучуларга жеткиликтүү тарбия берүү.

Бул маселе тилекке каршы бүгүнкү күндө чети оюлбай келет.

Элдик педагогиканын негизинде окуучуларга жеткиликтүү тарбия берүүдө окуу жайдын жетекчилеринин үзүрлүү эмгектери чечүүчү орунду ээлейт.

Билим берүү мекемелеринин жетекчилери жана мугалимдер, класс жетекчилер өздөрү биринчи кезекте элдик тарбияга, элдик асыл нарктарга кайдыгер карабаган инсандардан болууга тийиш. Алсак, окуу жайдын жетекчиси элдик педагогикага байланыштуу тарбиялык иштердин уюштурулушуна көңүл буруулары зарыл. Педагогдордун окуучуларды элдик педагогиканын таасиринде тарбиялоодо жетекчилердин демилгеси менен окуу жайларда өткөрүлүп жаткан таалим - тарбияга байланышкан конкурстардын, адабий кечелердин өткөрүлүшү да чоң таасирин тийгизет.

Миңдеген тарыхый жол басып, нечен түрлүү доорлордун, түздөрдүн сынына түшкөн, ошондо да өзүнүн түпкүлүктүү адамгөй азатчыл салтын, айкөл, акылгөй наркын сактап кала алган элдик педагогиканын асыл нарктарынын өрнөгү жана усулун жалпы элге, анын ичинде жаш муундарга сабак кылууга билим берүү жетекчилери менен бирге кыргыздын ар бир атуулу өз салымыбызды кошсок жогоруда көтөрүлгөн маселелердин чечилишинин натыйжалуулугун арттырат.

**Адабияттар:**

1.Байгазиев С.О. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз

2.Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк, Б.,1996.- 69-б.

3.Токсомбаева Э.Т., Кадырбекова Р.Т. Педагогикалык системаны башкаруунун негиздери: окуу куралы- Б.: Бийиктик, 2002. -160 б.

## Билим берүү мазмунун оптималдаштыруу максатында физиканы окутууда мультимедиялык каражаттардын ролу

***Солпубашова А.Ы., Мурзаибраимова Б.Б.***

*КББАнын ага илимий кызматкерлери,*

***Кермалиева А.,*** *физика мугалими*

Бүгүнкү күндө мультимедиялык каражаттарды колдонууга мүмкүнчүлүктөрдүн пайда болушу окуу процессине да өз салымын кошууда. Алсак, окуу программаларына ылайык, физикалык байкоолорду, тажрыйбаларды анимациялоо аркылуу окуучулардын билимин тереңдетүү менен, алардын сабакка болго кызыгуусун жана ынтызарлыгын жогорулатууда. **Мультимедиа**-бул маалыматтарды үндү, анимацияны жана графикалык сүрөттөлүштөрдү бириктирүүчү, аларды аналогдук формадан цифралык формага же тескерисинче цифралык формадан аналогдук формага өткөрүүчү технология болуп эсептелүүдө. «Мультимедиа», «мульти»-көп жана «медиа»-алып жүрүүчү деген маанини түшүндүрөт. Мультимедиа термини «media»деген латын сөзүнөн алынган биздин тилде информацияны(маалыматтарды) алып жүрүүчү деген мааниде. Демек, мультимедиа сандык гана эмес, ар түрдүү маалыматтар менен иштөөгө мүмкүнчүлүк бере ала турган технология. Мультимедиалык каражаттарды окуу процессинде пайдалануу, жана колдонуу окуучулардын билимдерине билим кошуп, эрудицияларын жогорулатат. Бүгүнкү күндө физика сабагына коюлуучу талаптар илимий техникалык-прогресстин коомдогу ордуна анын аткарылышына таасирин тийгизүүдө. Физика сабагынын өтүлүшү азыркы талапка жооп бере албай турганы бардыгыбызга белгилүү.Окутууда коңшулаш мамлекеттер сыяктуу сабакта колдонуучу техникалык каражаттар менен толук камсыз болсо, анда демонстрациялык, практикалык, лабораториялык иштерди аткарууда физикада кыйынчылыктар болмок эмес.Бирок,аны менен чектелүүгө болбойт,билим берүү мазмунун жогорулатууда окутуунун оптималдуу варианттын тандап алуу учурдун талабы. **Оптималдуулук**-белгилүү бир шартка жана милдеттерге туура келүүчү же ишке ашыруунун милдеттерин комплекстүү пландоо жана конкреттештирүү. Демек, оптималдуу учурдагы шартта милдеттерди чечүүнүн жакшыртылган вариантын тандап алуу менен окутуу. Мультимедиалык проекторлорду колдонуп өтүүдө физика сабагынын билим сапатынын жогору болоруна шек жок. Тереңдетилген физикалык билимдердин болушу үчүн окуу китеби менен чектелүү аздык кылат, себеби физикалык билимдердин булактары өтө көп. Азыр илим менен техниканын өнүккөн учуру компьютердик кылым, ар бир окуучу компьютер аркылуу билим алууга жана анимациялык сабактарды көрүп билип, билим, билгичтиктерин калыптандырууга жетишүүсү зарыл. Физика сабагынын мазмунун жогорулатуу үчүн мугалимдин компетенттүүгү жана анын профессионалдуу билими чоң мааниге ээ. Мугалим сабак өтүүдө өтө зор даярдык менен өтүүсү талапка ылайык.Демек, физикада мультимедиялык ыкманы колдонуп өтүлгөн бир сабактын топтомунан мисал.